# ОСМОНААЛЫ СЫДЫК УУЛУНУН ӨМҮР БАЯНЫНА АЙРЫМ ТАКТООЛОР

**М. КОЖОБЕКОВ**
Кыргыз–Түрк «Манас» университети

Совет заманынын соңку жылдары Кыргызстанда улуттук аң–сезим козголуп, өтмүшкө кайрылуу да, өтмүштөн кабар берген Осмонаалы Сыдык уулу сыяктуу инсандардын өмүрүнө, чыгармачылыгына кызыгуу да күчөгөн. Мындай көрүнүштүн объективдүү жана субъективдүү себептери бар эле. Буга чейин өз тарыхы жана аны жазган билим адамдары туурасында тайкы кабары бар калк Горбачев заманында: «Биз ким элек? Азыр кимбиз? Келечекте ким болобуз?» дегендей суроолорго келип такалган. Мындай суроолорго жооп берчү инсандардын бири–асыресе Осмонаалы Сыдык уулу болуучу. «Буга чейин кыргыз элинин жазма маданияты жок эле», «өз тарыхын жазган адамдар эл арасынан чыккан эмес» деген өйдөтөн танууланган түшүнүктөр менен жашап келген кыргыздар үчүн Осмонаалы Сыдык уулу бир эмес эки тарых китебин жазып салганын билиш, аны акылдан өткөрүш бир чети калктын билимге кызыгуусун канаатандырса, экинчи тарабынан, улуттук нарк жана аң–сезимдин кыртыш алып түптөлүшүнө түрткү берген. Натыйжасында, ал жылдары Осмоналы Сыдык уулунун өмүрү жана чыгармачылыгына арналган макалалар жарык көрдү (Анывар Байтур, 1986; М. Кожобеков, 1988; Х. Карасаев, 1991; Т. Чороев, 1991; А. Койчуев, 1991; Бүбүш Осмонаалы кызы, 1991; С. Мамытов, 1991). Анткен менен ал макалалардын мазмуну жалпы жонунан Осмонаалы Сыдык уулунун өмүр баянына арналып, анын үстүнө белгилүү фактылар менен гана чектелип, кодура тарыхчылардын агартуучулук, тарыхчылык жактары, жазган китептерин кандайча чыгарганы сыяктуу урунттуу маселелер көз жаздымында калган.

Осмонаалы Сыдык уулу өз убагында кыргыз элине аты таанылган адам болгон. Замандаштары аны айрыкча кадырлап «Молдо Осмонаалы», «Молдоке» деп ызаттоо менен аташкан. Акыркы эпитет кыргыздар арасында билимдүү адамдарга карата айтылып, ал кишинин коомдук иерархиядагы өзгөчө орду белгиленген.

Санжырачынын туулган жылы туурасында эки башка ой айтылып жүрөт. Улуттук Илимдер Академиясынын Кол жазмалар бөлүмүндө сакталып турган Осмонаалы Сыдык уулунун «Өмүр баянда» да, ага таянып жазылган биздин макалабызда да анын туулган жылы катары 1875–жыл көрсөтүлгөн (**Осмонаалы, 355: 1; Кожобеков, 1988: 118**). Осмонаалынын кызы Бүбүштүн жазганына караганда, ал 1879–жылы жарык дүйнөгө келип, 1942–жылы (63 жашында) дүйнөдөн кайткан (**Бүбүш О., 1991: 128**). Анткен менен О. Сыдык уулунун билим алып, турмушка аралашкан жылдарына караганда, ал 1875–жылы жарык дүйнөгө келсе керек.

# ОСМОНААЛЫ СЫДЫК УУЛУНУН ӨМҮР БАЯНЫНА АЙРЫМ ТАКТООЛОР

Осмонаалы эски Пишпек уездинин Темир Болот айлындагы (азыркы Кочкор районунда) сарыбагыш уруусунун абайылда уругунан чыккан Кыдыктын баласы болгон. Атынын анык ысмы—Кыдык. Санжырачынын «Өмүр баянында» Кыдык ысмы кийин өзүнөн өзү Сыдык болуп өзгөрүп кеткен деп айтылат (**Осмонаалы, 355: 1**). Бирок Кыдык ысмы жөндөн жөн туруп эле Сыдык түрүндө айтылып кетиши шек санатпай койбойт. Анын «Муктасар тарыхи Кыргызия» жана «Тарих кыргыз Шадмания» деген эмгектеринде Кыдык жана Сыдык ысымдары бирдей колдонулат. Кыязы, Кыдыктын Сыдык болуп айтылып калышына Уфадагы бир тууган Каримовдордун басмакана кызматчыларынын (редакторлордун) тиешеси бар шекилди. Уфадагы «Шарк» басмасы Орто Азиядагы мусулман калктарына ислам динин жана анын илим—билимин таратууга багыт алган басма үйү эле. Балким, бу кубулманын чоо—жайы мындайча болгондур. Осмонаалы басмаканага китептин кол жазмасын алып келгенде, аны менен таанышып чыккан адистер, чыгармага автордун аты—жөнүн жазуу маселесине токтолушса керек. Кыргыз элинин тарыхын жазган, болгондо да ислам билимине каныгып, ал түгүл медресеге сабак бере турган «шахадат наме» күбөлүгү бар адамдын атасынын ысмына «редакторлордун» ичтери чыккан эмес окшойт. Татар «редакторлору» үчүн Кыдык сөзүнүн такыр эле мааниси жок болгондуктан, ошондой эле бу ысымдын баш тамгасын эле алмаштырып койгондо ислам дини үчүн ыйык Сыдык аты келип чыккандыктан, алар Осмонаалынын эки китебине тең Сыдыков фамилиясын ыйгарууну ылайык көргөн сыяктуу. Орто Азия калктарына, анын арасында кыргыздарга ислам рухий дөөлөттөрүн жайылтуу милдетин аркалаган «Шарк» басмаканасына бир «кыргызды» мусулман дүйнөсүндө айрыкча ызаатталган «ыймандуу» төрт халифтин биринчиси Абу Бакр ас—Сиддиктин ысмына көчүрүү, ошол озуйпанын өтөөсүнө чыккандыгын айгинелейт.

Беймаалым адам жазган Осмонаалынын «Өмүр баянында» Кыдык ысмы өзүнөн өзү эле Сыдык болуп өзгөрүп кеткендиги айтылат. Бирок мындай жоромолго ишениш кыйын. Биринчиден, Кыдыктын Сыдык ысмына көчүшү үчүн Осмонаалы ал аталышты кабыл алып көнгүчө мезгил өтүп, же болбосо чөйрө тануулап ынандыргыдай сырткы таасир болуш керек эле. Ал эми Осмонаалынын жети жашында жетим калган деген маалыматтан улам (**Осмонаалы, 355: 1**) ал факторлордун жок экендигин байкайбыз. Экинчиден, санжырачы деле өз атасынын ысмын толук танган эмес. «Муктасар тарыхи Кыргызия» жана «Тарых кыргыз Шадмания» китептеринде: «атабыз Кыдык маркумдан» (**Муктасар, 1991:53**), «Субан энебизден Кыдык маркум жалгыз» (**Тарых, 1990:36**) деп ал атасынын анык нукура ысмын жазат.

Санжырачынын эки эмгегинин башталыш барактарында Осмонаалынын фамилиясы «Сыдыков» жана «өз атам Абайылдадан Сыдык маркум» деп жазылып (**Тарих, 1990: 11; Муктасар,1991: 49**), чыгарманын бир канча барагынан кийин жана калган беттеринде «атабыз Кыдык маркум» деп Осмонаалынын кол жазмасынын түп нускасындагы ысым берилет (**Тарих, 1990: 36; Муктасар,1991: 53**). Бу демек, «Шарк» басмаканасынын «редакаторлору» чыгарманын мукабасы менен башталыш гана барактарына түзөтүү киргизишип,

Кыдык ысмын Сыдык кылып өзгөртүшкөндүгүн далилдейт. Эки эмгектин калган барактарындагы Кыдык ысмынын сакталып калышына караганда, аларды ондоого «редакторлордун» «колу» жеткен эмес.

Анда эмне себептен санжырачы кийин Кыдыков аталбастан, бардык расмий документтерин Сыдыков фамилиясына көчүрүп алган? Болжолу буга жарык көргөн китептердин жана анын адамдык түшүнүгү себепкер болгон окшойт. Ошол убактагы маалыматтык, айрыкча китептердин тартыштыгы маалында «баланча китеп жазыптыр» дегендин өзү акылга сыйгыз жаңылык болгон. Мындай шартта жарык көргөн чыгармалар калк арасына колдон колго өтө тарап, алардын автору туурасындагы кабар жумурай журтка чагылгандай тездикте жайылган. «Кыргыз элинин тарыхын жазган китеп чыгыптыр, автору Сыдыков деген адам экен» деген жаңылык өлкөнүнүн булуң бурчтарында айтылып, Осмонаалы «Сыдыков» фамилиясынын туткунунда калган. Бу маселенин бир жагы болсо, экинчи жагы ушул: Осмонаалы атасынан эрте жетим калып, ата мээримин көрбөй калгандай. Санжырачынын «Өмүр баянында» Осмонаалы жети жашка келгенде энеси кайтыш болуп, жети эркек жана бир кыз жетим калгандыгы айтылат (**Осмонаалы, 355: 1; Кожобеков, 1988: 118**). Сыягы, балдардын энеси өлгөндөн кийин алар ар кимдин колун карап, накта жетимчилик турмушту башынан кечиришкен окшойт. Айрым санжыралык айтылыштарга караганда, Осмонаалы бала чагынан эле аталаш тууганы Канатка жигит болуп кызмат кылган (**Осмонаалы, 355: 1**). Мындай жагдай болочок санжырачынын жан дүйнөсүнө таасир тийгизбей койгон эместир.

Санжырачынын китептеринен айрыкча бир кызык жагдай көңүл бургузбай койбойт. Ал—Осмонаалынын атасы Кыдыкка жасаган мамилеси. Осмонаалы агасы Жаркымбай, Сабит молдо, Шабдан баатыр сыяктуу адамдар туурасында чечилип жазып, ошол эле атасы Кыдыкка келгенде каймана гана сүйлөмдөр менен чектелип тим болот. Мындан улам Осмонаалынын атасына балалык «ич күптүлүгү» калганбы деген түкшүмөл ойлор кетет. Анын себеби, Кыдык балдарына тирек болуп бакубат жашоо камсыз кыла албагандан болушу мүмкүн. Мындан бөлөк, биринчи аялы дүйнөдөн кайткандан кийин Кыдык балким башка аял алып, Осмонаалынын балалык сезиминде так калышы толук ыктымал. Ушул эки жоромолго кошул—ташыл Кыдыктын өзүнүн кеп келбетинде кемчиликтер болсо керек.

Арийне, кыргыз элинде балдарга ысым ыйгарууда алардын жыныстык абалы жана төрөлүш кезеги, денесиндеги белгилер сыяктуу факторлор маанилүү роль ойногон. Кыдык ысмы «кидик», «кидигий» же «кичинекей», «илмийген» деген маани ташып, ал адатта ара туулган балдарга берилген. Кыязы, анын атасынын «Кыдык» аталып калышына анын дене боюндагы кемтиктер таасир тийгизсе керек. Осмонаалы өзү жазган санжырада, Кыдык Абайылданын үчүнчү аялы Субандан туулган деп кабарланат (**Тарых, 1990: 36**). Кыргыз элинин үйбүлөлүк жана коомдук мамилелеринде токолдун орду төмөн турган, айрыкча үчүнчү аялдын балдары анча баркталбай, социалдык шатычада татыктуу орун таба алышкан эмес. Мындай жоромол жасоого санжырачынын өмүр баянында айтылган маалымат (Осмонаалы жети жашка келгенде жетим калып, аталаш агасы Канатка жигит болушу) өбөлгө берет.

Мында Осмонаалынын энеси өлүп, атасы Кыдыктын бар же жогу кабарланбайт. Санжырачынын жазганына караганда, Кыдыктын жети баласынын үчүнчүсү Осмонаалы болгон (**Муктасар, 1986: 21–22**). «Өмүр баянда» Осмонаалы жетимдиктин айынан Канатка жигит болгону, анын опсуз тапшырмаларын аткарганы, опурталдуу иштерине чегилгени анын турмушка карата сезимтал мамилесин арттырып, өз алдынча ой жүгүртүүсүн арбыткан деп айтылат (**Осмонаалы, 55: 1; Кожобеков, 1988: 118**).

Эгер балдардын энеси дүйнөдөн кайтканда Осмонаалы жети жашта болсо, анда бир туугандарынын колго жарамдуусу эле Кыдыктын тун уулу Жаркымбай, экинчиси Чобой болушу мүмкүн. Санжырачынын кызынын эскерүүсүндө Кыдыктын төртүнчү баласы Самүдүн деп жаңылыш кабарланат (**Бүбүш О., 1991: 128**. Осмонаалынын өзүнүн жазганын боюнча Кыдыктын төртүнчү уулу—Сулайманкул, андан кийин Бозжигит. Ысалдын, Абдували (**Муктасар, 1986: 21–22**). Байкаштырып караганда, Кыдыктын акыркы үч баласы башка энеден жарык дүйнөгө келгенби деген ой кетет.

Демек, жетимчилик Осмонаалынын чыйрак жетилишине жана чөйрөнү аңдоо жөндөмүнүн артышына таасир тийгизбей койгон эмес. Санжырачынын «Өмүр баянында» анын билим алууга дилгирленишине Канаттын байбичеси Кубат аралжы болгон деп кабарланат. Ошол эле документте агасы Канаттын Осмонаалыга терс мамиле жасагандыгы туурасындагы маалымат, совет заманындагы Канатка тиешелүү идеологиялык стереотиптен улам жазылса керек. Осмонаалы тескерисинче Канат жөнүндө сыймыктануу, ардактоо менен мындай деп жазат: «Агабыз экинчи Канат ажы, дин үчүн жахиллерге (наадандарга—М. К.) урду камчы. Дин кызмат, миллетке (калкка—М. К.) көңүл берген, табылбас артык биздин кыргыз калкы» **(Муктасар, 1986: 5).** «Тарых кыргыз Шадманияда» мындай деп билдирет: «Канат да Темир уругунун атактуу адамдарынан. Динге жардамчы эле. Уулу молдо Ыскак Уфадан медиресе Алияны бүтүрүп, 1914—жылы, 21—апрелде келди» (**Шадмания,.1990 : 37**).

Сыягы Осмонаалынын билимге умтулушу Канат ажынын колдоосу менен башталгандай, кийин анын Токмокко кетишине да ал кишинин тиешеси бар шекилди. Канат ажынын Ыскак менен Жапар аттуу балдарынын Уфада билим алышына (**Бүбүш О., 1991:128**) Осмонаалы көмөк көрсөтүп, өз убагында агасы Канат жасаган жакшылыкка мына ушундайча жооп кайтарса керек.

Осмонаалынын китептеринде айтылгандай, ал он үч жашка чыкканча эле сабаты ачылган экен. Санжырачынын «Өмүр баянында» Канат ажынын атактуу Аккушуна байланышкан окуя Осмонаалынын билим жолуна түшүшүнө себепкер болгондугу кабарланат. Жумгалдык Чойбек менен Мырзабек аттуу манаптар ошол Аккушка көздөрү түшүп, эбин таап аны уурдатып алышат. Аккуш Кубат байбиченин колунан жоголгондуктан а киши эри Канатка жаман көрүнбөс үчүн Осмонаалыны күлүк атка мингизип, кушту кайрып алууга жөнөтөт. Осмонаалы он күн жүрүп, ыгын таап кушту алып келет. Кубат байбиченин ыраазы түрүн туйган бала андан бир сыйра кийинтип, окууга жиберүүсүн өтүнөт. Кубат байбиче Осмонаалынын кийимин бир

сыйра жаңылап, жергиликтүү молдого окутуп коёт (**Осмонаалы, 355: 1; Кожобеков, 1988: 118**). Кыязы, ал молдо «Муктасарда» айтылган адам(«Агабыз молла Сабит дин агасы, көндүрдү дин жолуна туугандарын») болсо керек (**Муктасар, 1986: 5**).

Осмонаалы жазган маалыматка караганда, болочок санжырачынын китеп менен достошуп, келечек багытынын айкындалышына молдо Жаркымбай ажы менен аталаш тууганы Кудайбергендин салымы бар. Жаркымбай ажы анын сабатынын ачылышына көмөк көрсөтсө, акыркы адам Осмонаалынын жаңыча ой жүгүртүүсүнө таасир тийгизген. Санжырачынын билдиргенине караганда, Кудайберген түрдүү оюн, тамашаларды таап, чымчыкка чымчык алдырган адам болгон экен. 14 кыл такта үстүнө «керемопон» (граммафон) добушуна жакын күү чыгарган. Аны өзүнөн башка адам билчү эмес. Илим—билими болгондо, андан экинчи Адисон (Эдисон) чыкмак деп өкүнөт (**Тарых, 1990: 36–37**).

Идиректүү Осмонаалы айылда алган билимине канааттанбай, кыштын күнкү суукта Кубат байбиченин жардамы менен агасы Канат ажынын атын мине качып, Токмок шаарына келет. Ошол убакта ал 13 жашта болот. Осмонаалы Токмокто Осмон деген адамдын үйүндө туруп, Шакир калпадан окуй баштайт. Шакир калпа кыргыз калкына таанымал билимдүү адам деп эсептелип, татарча сүйлөй да, жаза да билген. Шакир калпа ошол кезде таза билим деп саналган жаграпия (география) менен тарых сабактарын да окуткан. Жаңы шакиртинин сергек аң—сезими жана окууга дилгирлиги барын туйган устат ага билимин өркүндөтүш үчүн чоң молдодон оку деп кеңеш берет. Ошентип, ал окууга каражат топтош үчүн 1895—жылы кайра Темир Болот айлына келет. Мында ал айылдык балдарга дин окуусу менен кошо география менен тарыхтан сабак берет (**Осмонаалы, 355: 1; Кожобеков, 1988: 118**).

Кыязы, ушул убакта ал Мухаммед Аали аттуу молдо менен таанышып, андан билим алса керек. «Шадманияда» Жаркымбай ажынын кадыр—баркы менен Мухаммед Аали келип, «шариятты толук билүү, илим алуу, окуу бир топ илгерилеп, «Куран» окуу, аны дурустап окута турган илим ачылды»—деп сырттан келген адам туурасында калыс оюн билдирет.

Молдолук билим жана айыл чөйрөсү Осмонаалыны толук канааттандырбагандыгын анын төмөндөгү ыр саптарынан билсек болот:

«Тили сакоо, сөздү билбес,
Максаттары колго келбес.
Биздин кыргыз балалары
Эч канбады уйкулары
Бузуктукка уста бары

Биздин кыргыз жигиттери» (**Тарых, 1990: 16–17**),—деп айыл чөйрөсүндөгү түркөйлүгүнөн тажаган Осмонаалы аздыр—көптүр каражат топтоп, жашы 24—чыкканда (1899—ж.) Үч Турпан шаарына келип билимин улантканы жөнүндө айтылат сөгө алынып жаткан «Өмүр баянда» (**Осмонаалы, 355: 1; Кожобеков, 1988: 118**).

# ОСМОНААЛЫ СЫДЫК УУЛУНУН ӨМҮР БАЯНЫНА АЙРЫМ ТАКТООЛОР

Кытайлык кыргыз тарыхчысы Анывар Байтур айткан маалымат боюнча «Осмонаалы Сыдык уулу 1901—ж. Кашкарга келип, анда 8 ай туруп, жуңгу кыргыздарынын абалын изилдеген» **(А. Байтур, 1986: ).** Ушул эле ойду санжырачынын кызы Бүбүш кайталайт: «Ал Кытайдагы чоң багыш уруусуна 1901—ж. 22 жаш курагында барган» **(Бүбүш О., 1991: 128). С**анжырачынын өзү да Кашкарга 1901—ж. барып, ал жерде 8 ай тургандыгын кабарлайт (**Тарых, 1990: 27**).

Анын Кашкар сапарынын кыскарышына Кашкарда болгон катуу жер титирөө тоскоол кылган (**Осмонаалы, 355: 1; Кожобеков, 1988: 118**).

Демек, санжырачынын Кашкарга келиши жана анда билим алышы тууралуу эки ача маалымат айтылат. Бул маалыматтардын Осмонаалы—нын андан аркы өмүр жолун тактоого кедерги болчудай түрү бар болгондуктан Осмонаалы Сыдык уулунун Кытай өлкөсүнө барыш маселесин козгобой туруп, санжырачынын маалыматты баяндоо стилин талдап алсак.

Анын эки китебинде тең илим, билим маселеси жогору коюлуп, «тарыхты үйрөнүү зарылчылыгы» зар какшап айтылганы менен, Осмонаалынын алган билим деңгээли накта тарых илиминин талапта—рына жооп берген эмес. Ал «Муктасар тарыхи Кыргызия» жана «Тарых кыргыз Шадмания» эмгектерине тарых аталышын ыйгарганы менен алардын мазмуну, санжырачылардын айткандарынан анча айырмалан—байт. Эки китептин мазмуну менен кунт коюп таанышкан соң, Осмонаалы Сыдык уулун бул чыгармаларын эл оозунан топтолгон материалдарга таянып жазганы менен аларды ө маалында кагаз бетине түшүрүүгө аракет жасаган эмес. Эсинде калган окуяларды китептин мазмунуна туура келген жерге ылайыкташтыра жайгаштырып, айрым окуяларды чаташтырып алганы анын китептеринде арбын учурайт. Мына ушундай жагдай, анын Үч—Турпан менен Кашкарга келиш маселесине жана ал кайсыл убакта болгон деген суроолорго байланышкан.

Адегенде «Өмүр баяндагы» 1899—жыл тууpасындагы маалыматка кайрылалы. Осмонаалынын «Шадмания» эмгегинде Куу уулдан тараган кыргыздар тууралуу мындай кабарлайт: «Кытай кол алдында, Тыяншан тооларында жашайт. Буларды Чоңбагыш деп атайт. Атактуулары тогуз урукка бөлүнөт. ... ***Башкаларын ажыратып жазган элем, жоготуп жибердим. Бу туугандарды барып жазуу бизге өтө оор бир кызмат. Арабыз он күндүк жол»*** (**Осмонаалы, 355: 1; Кожобеков, 1988: 118—119**).

Санжырачынын чоң багыш уруусу тууpасында жазганына жана ал маалыматтардын жоголуп кетти дегенине караганда, ал Кашкарга барганга чейин башында Үч—Турпан шаарына келип, мындагы кыргыздар жөнүндө кабар алып кетсе керек. Осмонаалынын өмүр жолуна карасак, ал тынбай изденген, өө чапчаң адам болгон. Ал барган жерлердин географиясына карап көрсөк, санжырачы үчүн Бухара, Уфа же Кашкарга каттап туруш кыйынчылык жаратпаган сыяктуу. Мындан улам, С. Осмонаалынын Үч—Турпанга келишин жана ал окуянын 1899—ж. болгондугун кабыл алууга негиз бар.

Эми санжырачынын Кашкарга келиш маселесин талдап көрсөк. Осмонаалы Сыдык уулу: «1901—ж. Кашкарга барган элем» деп жазганына карабастан, бу датага ишениш кыйын. Санжырачынын

«Өмүр баянында» мындай деп айтылат: «Осмонаалынын окушуна Кашкардагы катуу жер титирөө тоскоолдук кылып, көптөгөн кырсыкка учураган эл бөлөк тараптарга оой баштайт. Осмонаалы өз элине кайтып келип, бир жылча сабак берип, андан кийин Бухарада бир жылга жакын окуйт» (**Осмонаалы, 355: 1; Кожобеков, 1988: 118–119**). Кыргыз Улуттук Илимдер Академиясынын Сейсмология институтунан алынган маалыматка караганда, Кашкардагы жер титирөө 1902–ж. 22–августта болуп, анын күчү 10 баллга жеткен экен (**Жанузаков, Омуралиев, 2003: 202**).

Демек, Осмонаалы С. Кытайга 1902–жылдын башында барып, август–сентябрь айларында өз айлына кайтып келген. Анын Темир–Болот айылындагы агартуучулук ишкердиги менен Бухарада окуган мезгили 1903–1904–жж. туура келет. Санжырачынын өмүр баянында ал Бухарада окуп жүрүп, Шабдан баатыр балдарын окутуш үчүн Уфадан чоң молдону алдырыптыр деген кабар угуп, Кеминге келип, ошол молдодон окуй баштагандыгы айтылат (**Осмонаалы, 355: 1; Кожобеков, 1988: 118–119**).

Осмонаалынын жазганына караганда, «Шабдан баатыр Чубар агачтык Ямлиха карыны алдырып, миң сомго катын алып берип, бир нече жылга жалдаган»; а кишинин жардамы менен «Кыраат» (Куранды так окуу) окуусу өнүгүп, он жыл өтпөй 1901–1902–жж. Тройскиден Токмок шаарына Закир кары менен Вохабов (Вахабов–М. К.) деген билим адамдары келишкен (**Тарых, 1990: 38**).

Бу маалыматтан Осмонаалынын Шабдан баатырга качан келгендиги, ошондой эле анын Кеминдеги Ямлиха карыданбы же Токмоктогу Закир кары менен Вахабовдордон билим алгандыгы айкын билинбейт. «Өмүр баяндагы» Осмонаалынын Кеминге келиши тууралуу маалыматта бир жактуу кабар камтылгандай туюлат. Себеп дегенде санжырачынын чыгармаларында Токмок шаарында билим берген Закир кары менен Вахабовдордун иш–аракети айрыкча ызааттальп, башка инсандарга салыштырмалуу кең–кесири кабарланат. Осмонаалынын жазганына караганда, Закир дамылданын демилгеси менен балдар тарап кетпей, тескерисинче, алардын саны жыл санай өсүп, «Наху» (Синтаксис), «Сарф» (Морфология), тарых, география, эсеп, «усул жадид» (жаңы тартип окуусу) сыяктуу сабактар окутула баштаган. Кыргыз балдары арасынан «карылар» (куранды жатка билгендер) чыккан.

Осмонаалы кыргыз элине билим ташыган инсандар катары «молдо Жаркымбай, андан кийин Мухаммед аалы. Булар кыргыз уругунан. Андан кийин Ямлиха кары, андан кийин төрт тараптан жол ачкан Мухаммед Закир Абдылкащафар уулу жана Вахабов жанаплары» (**Тарых, 1990:39**), деп көрсөтөт.

Автордун баяндоо стилине ылайык, жогоруда саналган инсандардын ар бири өз маалында Осмонаалы Сыдык уулунун устаттары болгон деп айтууга негиз бар. Эгер мындай жоромол чындыкка дал келсе, анда Осмонаалы 1903–1904–жж. Шабдандын жанындагы Ямлиха кары менен кызматташып билимин арттырган болот, андан кийин Токмоктогу Закир кары менен Вахабовдор менен чогуу жүрүп, алардын билим тажрыйбасын үйрөнгөн окшойт. Мындай

ойдун жаралышына санжырачынын «балдарыбызга азыраак жан кирди. Дамбылданын амир магруфу (осуяты менен) боюнча бул күндөрү балдарыбыз чоң шаарларга катышып, «тарих» жаза тургандар чыкты» (**Тарых, 1990:38**), деп өзү жөнүндө кыйыр мааниде жазган жери өбөлгө берет.

Демек, Осмонаалы Сыдык уулунун Уфа шаарына барып, «Медресе Алиядан» билим алышы толугу менен Закир карынын көмөгү менен жүзөгө ашкан. Осмонаалы бу туурасында мындай деп жазат: «Уфа шаарына барып, «Медресе Алияны» бүтүрүп келүүчүлөр да чыкты» (**Тарых, 1990:38**). Санжырачынын «Өмүр баянында» Осмонаалы Уфа шаарына 1911—ж. келген деп кабарланат. Уфа шаары ошол кездеги Россия империясындагы ислам илиминин борбору катары каралып, мында Орто Азия мусулмандарынын билим алуусу үчүн ыңгайлуу шарттар түзүлгөн. Осмонаалы мында бир жылча окуп, жогорку дин окуу жайларына сабак берүүгө жол ачкан шахадатнааманы (күбөлүк) алып, элине кайтат. Кыязы, ал Кеминге 1911—12—жж. аралыгында келсе керек. Себеп дегенде, С. Осмонаалы Шабдан баатырдын өмүрүнүн акыркы күндөрүн кылдаттык менен кагаз бетине түшүрүп калган. Санжырачынын жазганына караганда, Шабдан баатыр 1912—ж. 28—мартында түшкү намаз маалында дүйнөдөн кайткан (**Тарых,1990: 49**). Осмонаалынын жазгандарынан улам, 1912—ж. октябрь айында өткөрүлгөн Шабдан баатырдын ашынан кийин балким 1913—ж. башында ал биринчи китеби «Муктасар тарых Кыргызияны» чыгарыш үчүн Уфа шаарына кеткен окшойт деп бүтүм жасоого негиз бар.

Осмонаалы Сыдык уулунун «Муктасар тарых Кыргызия» менен «Тарых кыргыз Шадманияны» качан жазып баштап, кайсыл мезгилде бүтүргөндүгү туурасында так маалымат жок. Кытайдагы кыргыз тарыхчысы Анывар Байтурдун пикирине ылайык, С. Осмонаалы «Муктасарды» 1901—жылы жазып баштап, Шабдан баатыр өлгөндөн кийин жыйынтыктаган (**А. Байтур, 1986: 7**). А. Байтурдун 1901—жылга басым жасашы С. Осмонаалынын ушул убакта Кытайга келиши менен байланыштыргандай ой кетет. Анын айтылбай калган пикирине караганда, бу окуя санжырачынын жан дүйнөсүнө жана чыгармачыл багыт алуусуна шыкак берген дегендей маанидеги ойдун башы кылтыйтылат.

Бирок Осмонаалынын өзү жазган маалыматка ылайык, «он беш жыл туугандарга кызмат үчүн, ата—бабаларын сүрүштүрүп арыбаган, балдарын сүрүштүрүп талыбаган мен, кийинкиге эстелик калсын деп үмүт калемдерин тыбыраттым» (**Тарых, 1990: 23**), деп китептин жазылып баштаган жылын белгилейт.

Ал кыргыз санжырасына кызыгып, барган жердеги уруулар туурасында дарек топтоп, аларды колдон келишинче кагаз бетине түшүрө берген. Мындай жоромол жасоого, анын Кытайдагы чоң багыш уруусу жөнүндө жазып, кийин аларды «жоготуп жибердим» (**Тарых, 1990: 27**),—деген билдирүүсү негиз боло алат. Мындан тышкары ошол убактагы, ал түгүл андан кийинки кыргыз санжырачыларынын «чыгармачыл түйшүктөрү» көрсөткөдөй, алардын маалымат топтоо, жыйналган даректи жазуу ыкмалары бири биринен такыр айырмаланган эмес. Илимдер Академиясынын Колжазмалар фондунда

сакталып турган Бала Айылчы, Тоголок Молдо, Тургунбек жана башкалардын санжыралары оозеки тарых методуна туура келет. Санжырачылар айтылган информацияны жадында түйүп, андан кийин (балким, бир кыйла убакыт өткөрүп барып) кагаз бетине түшүрүшкөн. Бу жагынан Осмонаалы Сыдык уулунун иш «лабароториясы» жана тарых жазуу методу жогоруда аталган санжырачылардыкынан такыр өзгөчөлөбөйт. Ошондуктан санжырачынын «он беш жыл тарых жаздым» дегени анын китептеринин көлөмү, мазмуну жагынан алганда да ошол сарпталган мезгилге туура келет.

Осмонаалы Сыдык уулу «биздин кыргызда тарых жазуучу адам жок болгон үчүн «кыргыз кырк кыздан» деп, шайых Мансурдун бир нече акылга макул болбогон икаялар келтирген. Көрпө—тери алдап алуучулардын сөздөрү жаныма өтүп, он беш жылдан бери аңтарып, текшерип, эки жүз миң кыргыздын ата—бабаларын таратып, тээтиги Адам алейсаламга жеткирдим» (**Муктасар,1986: 11**), деп жазат. Бу даректен улам санжырачынын тарых жазууга дилгирлиги тышкы таасирден улам келип чыккан деп айта алабыз. Ошол эле убакта тарыхка кызыга баштаган Белек Солтоноев да китеп сатуучу өзбек дүкөчүдөн тарых китептеринин бары—жогун сураса, дүкөнчү: «кызыл иттен тараган тексиз кыргыз» деп кордогон экен ошого арданып тарых материалдарын топтой баштаганын жазат (**Солтоноев, 1993: 84—85**). Чындап эле ошол кездеги «тарыхый кырдаалга» ылайык коңшу калктар кыргыздарды «кызыл тайгандан», «кырк кыздан» тараган деп кордошкондору маалым (**Валиханов, 1952: 297—300**).

Демек, Осмонаалы Сыдык уулу жалаң «көрпө—тери саткандардын шылдыңдаганына» арданып кыргыз калкынын тарыхын жаза баштаган деп эки китептин жарык көрүш себебине чекит койсок болот. Бирок Осмонаалынын «тарых жазуу» себеби менен жогоруда коюлган аны качан баштаган деген суроолоор ортосунда табыхий байланыш бар. Осмонаалынын санжырачы катары калыптанышына жана баралына келгенде китеп жазышына тышкы таасир эле эмес, анын ишине байланышкан ички муктаждык түрткү берген шекилди. Жогоруда белгиленгендей, ал окууга каражат топтош үчүн 1895—ж. өзүнүн айлына келип, жергиликтүү жаштарга дин окуусу менен кошо география жана тарыхтан сабак берген эмеспи. Элет жаштарынын жана айылдаштарынын көзүнө 20 жаш чамасындагы Осмонаалы, далай жерди кыдырып билим алган сабаттуу адам катары көрүнгөн. Ошондуктан өзүнө талапты катуу койгон Осмонаалы айылдаштары алдында аброюн кетирип албаш үчүн да тарыхты билүүгө муктаж болгон. Ошол убактагы кыргыз калкында билимдүүлөр айрыкча жогору бааланып, калк, асыресе башкаруучу чөйрө сабаттуу адамдардын ой—пикирлери менен эсептешип, аларга сый—урмат менен мамиле жасашкан. Мисалга алсак, XIX к. экинчи жарымында жашаган Бала Айылчынын кадыр—баркы анын билими, чечендиги жана тарых билермандыгы менен чыккан. Карыялардын айтымына караганда, Бала Айылчы келгенде Тургумбек сыяктуу санжырачылар сөзүн токтотушуп, «молдокем сүйлөсүн» деп сыртка чыга беришкен. Мындан улам буга чейин кыргыздын далай жерин кыдырып, нечен адамдар менен пикир алмашып, билимдүү инсандардын коомдо айрыкча орун ээлерин туйган

# ОСМОНААЛЫ СЫДЫК УУЛУНУН ӨМҮР БАЯНЫНА АЙРЫМ ТАКТООЛОР

Осмонаалы Сыдык уулунун үчүн тарыхты үйрөнүү муктаждыгы улутташтарынан сый—урмат көрүү ниетинен да келип чыккан.

Анын үстүнө тарыхтан сабак бериштин өзү да кандайдыр бир деңгээлдеги билим камылгасын талап кылган. Тарых сабагынан дарс окуган мугалимге кыргыздын ким экендигин билбей калыштын өзү билим деп ак урган адал амбициялуу Осмонаалы үчүн теңдешсиз сокку болоорун элестетиш кыйын эмес. Ошондуктан анын кыргыздын тарыхына кызыгып маалымат топтой башташы табыгий муктаждыктан да чыккан деп айтууга толук негиз бар. Себеп дегенде, жашы жыйырмага чамалаган Осмонаалы буга чейин тарых деп окуганы менен кыргыз тарыхынан караманча кабары жок экендигин жогоруда өзү моюнга алган («көрпө тери саткандарга арданып, тарыхты иликтөөгө 15 жыл сарптаган») мисалдан ачык байкалат. Ошентип жөнөкөй эсеп менен эле анын биринчи китебинин 1913—ж. чыккан убагынан 15 жылды алып салсак да санжырачы 1898—ж. баштап тарыхый «материалдарды» топтой баштаганы маалым болот.

Анын кыргыз «тарыхына» болгон кызыгусу ушул 1898—жылы тамыр алган деп айтууга негиз бар. Себеп дегенде, Осмонаалы 1895—жылы өз айлына келип, жергиликтүү балдарга мугалимдик кылуу менен бирге тарых жана географиядан сабак бере баштаган. Бирок мугалимдик кесипке керектүү илим багажы менен буга чейин ал алган билим деңгээли төп келбегендиктен, ал жаңы шарттагы талаптарга татыктуу даярдык көрүү максатында да болочок санжырачы үчүн «тарых материалдарын» топтоо зарылчылыгы келип чыккан. Андай маалыматтар тарых китептеринде деп түшүнгөн Осмонаалы Сыдык уулу китеп дүкөндөрдү кыдырып, «көрпө—тери» саткандардан «кыргыз кырк кыздан», «шайых Мансурдун тараган» деген кептерин угуп, ошого аябай арданып, андан да тарых сабагына даярдык көрүү муктаждыгы туткактап, субъективдүү жана объективдүү себебтердин ширелишинен улам ал молдолук кылбастан «тарыхчылыкты» тандап алган. Осмонаалынын «чыгармачыл» түйшөлүүсү 1895—жылы, т. а., айылдык мугалим маалында башталып, тарыхчылык ышкысы 1898—ж. чечилип, андан ары өзү айткандай, 15 жыл ичинде санжыралык даректер топтолуп бүткөн.

Ошол он беш жылдык эмгектин жыйынтыгында ал «Муктасар тарыхи Кыргызияны» китеп кылып чыгарууга жетишкен. Баса, анын биринчи эмгегинин жарык көрүү датасы менен санжырачынын Уфага барышынын убактысын аныктоодо чаташ чыгышы мүмкүн. Анын Уфага 1911—ж. адеп келиши менен «Муктасардын» чыгыш убагын (1913) эске алсак, анда ал эмгектин кол жазмасын 1911—жылы эле басмаканга тапшырган деп айтууга негиз бар. Анткен менен санжырачынын эмгектеринин мазмуну көрсөткөндөй Осмонаалынын Уфа шаарына барып билимин өркүндөтүп, китеп дүйнөсү жана басма иши менен таанышканга чейин китеп жазам деген ою болбосо керек. Муну Осмонаалынын:

«Үстүбүздө улугуң Русияны,  
Илим өнөр жагына артык бары.  
Басмакана жана бар китеп баскан,  
Халыктарга өнөр менен магруп (агартуу) чачкан.  
Кезит, журнал маалымат ар тараптан,

Шолор менен калкыбыз көзүн ачкан» (**Тарых, 1990: 18–19**),–деп жазганынан байкасак болот. Ошондой эле С. Осмонаалынын адеп Уфага келишинде, анын жанында басмага бергидей ирээтке келтирилген кол жазмасы (эгер кол жазмасы болгон күндө) да, китепти чыгара турган каражаты да болбосо керек. 1911–ж. ошол эле Уфада Молдо Кылычтын «Кысса–и зизала» китеби жарык көргөн. Анын мукабасына басмакананын мындан ары кыргызча чыга турган китептердин тизмеси жарыяланган. Ал тмзмеден Осмонаалынын эмгегинини атын жолуктура албайбыз (**Карасаев, 1990: 59**).

Болжолу, Осмонаалы Сыдык уулу 1911–ж. Уфа шаарына окууга келип жалаң эле билим алуу менен чектелбестен, Уфадагы басмалар менен байланышып, колжазмасын китеп кылып чыгаруу жайын да иликтесе керек. Ал үчүн санжырачы бир тууган Каримовдордун басмасы менен байланышып, китеп чыгаруу маселеси, ага сарпталчу акча–каражат туурасында келишип кайткандай. Себеп дегенде ал китеп чыгарыш үчүн минген атын, саан уйларын, кой–эчкилерин жана боз үйдү жаңыртууга камдаган бир өргөлүк кийизин кыскасы колунда бар жандыктары менен буюмдарын саткан.

Осмонаалынын «Муктасар тарыхи Кыргызиянын» кол жазмасын басмага качан тапшырган деген маселени, басылган жылы маалым «Тарых кыргыз Шадмания» эмгеги аркылуу аныктаса болот. Санжырачынын бу эмгеги 1914–ж. жарык көрүп, андагы санжырачынын сейрек шилтемелеринин биринде «Канаттын уулу молдо Ысхак Уфадагы медиресе Алияны бүтүрүп, 1914–жылы, 21–априлде келди» деп кабарлайт. Демек, Осмонаалы Сыдык уулу «Шадманияны» чыгарыш үчүн Уфа шаарына жай айында келип, эки–үч ай ичинде аны басмаканадан бастырууга үлгүргөн. Мындай жол менен ал «Муктасар тарыхи Кыргызияны» да кыска аралыкта басмаканадан жарыкка чыгарып алса керек. Санжырачынын «Өмүр баянында», Осмонаалы Сыдык уулу «Муктасар тарыхи Кыргызияны» көптөгөн чыгым жана арбын убаракерчилик менен чыгарып алганы кабарланат. Ал китептерди капка салып Бишкек шаарына келип, жакшы жышаан үчүн ырымдап түлөө өткөрөйүн десе, колунда мал жок болгондуктан ырымдап дарбыз сойгон экен (**Осмонаалы, 355: 1; Кожобеков, 1988: 118–119**).

Мындан биз «Муктасардын» 1913–ж. август, күмөн дегенде сентябрь айында басылып чыккандыгын билсек болот. «Шадманияда» Шабдан баатырдын ашы 1912–ж. октябрь айында өткөрүлгөндүгү, ашка кимдер келип, эмне жасалгандыгы төкпөй чачпай кабарланганына караганда, ал «Муктасар тарыхи Кыргызияны» китеп кылып чыгарыш үчүн 1913–ж. баш айларында Уфа шаарына келген деп, ал эми колжазманын китеп болуп даярдалышына эки–үч ай кеткен деп жоромол жасай алабыз.

Осмонаалы Сыдык уулунун экинчи китеби «Тарых кыргыз Шадманиянын» качан жазыла баштап, кандай шартта китеп болуп чыгарылышы тууралуу маалымат жок. Санжырачынын эки китеби Кытайда басылып чыгып, анын баш сөзүн жазган Анывар Байтур «Шадмания» «Муктасардын» «толукталган нускасы» деп белгилеп, бирок «Шадмания» 1915–ж. бүткөрүлгөн деген натура көз карашты

карманат (**Байтур, 1986: 6**). Мындай жаңылыштыктар кыргызстандык айрым авторлордун макалаларында кайталанып жүрөт. Бу демек, Осмонаалы Сыдык уулунун тарыхтагы орду татыктуу бааланбай, анын илим мурасы жеткиликтүү изилденбей келишине байланышкан көрүнүш экендиги айдан ачык.

Ооба, «Шадманияны» «Муктасардын» толукталган варианты десек болот. Анткен менен санжырачы анын айрым жерлерине түзөтүүлөрдү жасап, биринчи китепти кайталабасын дегенби, айтор «Муктасардын» кээ бир бөлүктөрүн «Шадманияга» киргизген эмес. Бирок ал түзөтүүлөр да «Шадманиянын» эмне себептен жазылышы менен кийинки жылы эле, дээрлик мазмуну бирдей китептин жарык көрүшүнө кандай таасир түрткү берди деген суроолордун ажатын ачып бере албайт. Ал суроолорго жоопту санжырачынын китебинен да таба албайбыз. Осмонаалы Сыдык уулу «Шадмания» эмгегинде Шабдан баатыр тууралсында үч жеринде эскерет. Китептин башталышында:

*Шаттык берер билгендерге*
*Мындан обол кыргыздарда*
*Тарых жазып чыгарбады.*
*Азыр тарых жаңы чыкты*
*Исми аны Шадмания,*
*Мухаррири молдо Осмон аали* (**Тарых, 1990: 11**), —деп жазат.

Эмгектин башка жеринде:

*Узундан нычүк милийон йырак халлар,*
*Тарыхын күн шекилди билурсын куп.*
*«Шадманийа» аталды ушбу тарых,*
*Дуа талап кылгучы Осмон гарып* (**Молла Осмоналы, 1986: 92**), —деп эмгектин аталышы менен аны жазуучусу ким экендигин белгилейт.

Ошол эле кезде, китептин «Шадмания» аталышы менен анын ички мазмуну төп келбейт. Санжырачы «Шадманияга» айрым бир түзөтүүлөрдү киргизип, аны Шабдан баатырга арнаган казал менен толуктаганына карабастан, чыгарманын негизги өзөгү «Муктасар тарыхи Кыргызия» бойдон калган. Мындан улам 1913—жылга чейин, тактап айтканда Осмонаалы «Муктасар тарых Кыргызияны» китеп кылып чыгарып мекенине кайтканга чейин, андан да, аны Шабдан баатырдын балдары көргөнгө дейре, санжырачынын Шабданга арнап китеп жазам деген ою болбосо керек деп жоромол жасоого негиз бар.

Мындай көз караштын жаралышына, биринчиден, Осмонаалы Сыдык уулунун жаңы шарттагы абалы, экинчиден, Шабдан баатырдан жакында эле айрылган балдарынын ыкласын тую сезими түрткү берет.

Осмонаалы «Муктасар тарыхи Кыргызияны» китеп кылып бастыргандан кийин анын аброю артып, эл арасына «кыргыз тарыхын жазган тарыхчы чыгыптыр» деген аңыз кеп тарап, санжырачынын кадыр—баркы оголе көтөрүлгөнүн элестетиш кыйынга турбайт. Асыресе, Осмонаалынын аброю Шабдан баатырдын балдары үчүн айрыкча өскөн окшойт. Эгер Осмонаалы буга чейин Султамбай, Мөкүш, Исамүддүн, Кемаллиддин, Аманиддиндер үчүн тек гана

«молдо», «санжырачы» кейпиндеги катардагы адам болсо, китеби жарык көргөндөн кийин ал ары билимдүү, бери дегенде китеп жазган тарыхчы адам катары жаңы сапатка ээ болуп, Шабдандын балдарынын сый—урматына арзый баштаган шекилди. Андан калса, кечээ эле атасынан айрылган балдар «алатоодой эт, ысыккөлдөй чыктуу» той—аш да, ашынган даңаза да китепке караганда эл эсинде узак сакталбай унутулаарын жана баатырга барк кошпосун туйган окшобойбу. Арийне, ал кезде маркумга арнап азыркыдай эстелик орнотуу салты колдонулбай, баатырдын балдары «эми канткенде атабыздын арбагын актап, кандай жол менен балалык парзыбызды өтөйбүз» деп турганда, Осмонаалы Сыдык уулунун китеп чыгарып салышы алар үчүн капилет табылгадай эле болсо керек. Шабдандын балдары да атасына арнап китеп жаздыруудан өткөн эстелик жок экендигин Осмонаалынын «Муктасар тарых Кыргызияны» чыгартып келгенден кийин ынанышкан окшойт. Алар китепти өз көздөрү менен көрүп, ал түгүл анын калк арасында колдон түшпөй окулуп бааланганына ишенишкенден соң, санжырачыга Шабдан баатырга арналган китеп жазуу өтүнүчү менен кайрылышса керек деп тыянак жасоого толук негиз бар.

Анын үстүнө Осмонаалы да Шабдандын жакшылыгын көрүп, баатыр медресе ачтырыптыр деген кабарды угуп, алыскы Бухарадан Кеминге келген эмеспи. Санжырачы да Шабдан баатырды илим—билимдин камын жеген адам деп айрыкча ызаат, изги ниеттен сый мамиле жасагандыгын анын жазгандарынан билсек болот:

Мугалим алып Уфадан,
Озийфа берген миң теңге.
Балаларын окотуп,
Кызмат этди элине.
Он миң сом сарп кылуп,
Месжид салды йерине.
Йерлеген йери Чоң Кемин,
Чоң Кеминдин ичине,
Карагайдан салдырган,
Кышык кыш коюп түбүне.
Тунуке йапды үстүне.
Совабы барсын ар күнде.
Шакырдлардан йол тийбей,

Окуп жаткан күнүндө (**Молла Осмоналы, 1986: 171–172**)–деп Шабдандын мектеп салдырып балдарды окуткандыгын жогору баалайт. «Шабдан казалдын» башка бир жеринде болсо:

Батыр Шабдан ажыдан,
Артык адам ким болгон.
Йүргөн йери той болгон,
Ар бир иши оң болгон.
Кайда болса кадырдан,
Алган чени алтындан.

Кыргыздан мундай болмаган (**Молла Осмоналы, 1986: 160**),—деп ал Шабдан баатырга болгон артыкча мамилесин билдирет.

Болжолу Осмонаалы Сыдык уулуна биз жоромолдогондой, Шабдан баатырдын балдарынан атасына арнап китеп жазуу сунушу түшкөн күндө да, кыязы иштин кыябы ушундай эле болгон шекилди, ал андай маанилүү жана кирешелүү таклиптен баш тарта алмак эмес. Анын себеби да ириде, Осмонаалы Сыдык уулунун жеке адамдык касиети менен анын жашоого болгон мамилеси аркылуу аныкталгыдай. Санжырачынын турмуш кредосу төмөнкү ыр сабында мындайча белгиленет:

Бу дунийа йалганда
Бенде сүймез тарлыкды.
Кайтип адам сүймесын,
Байлык бырлен шатыкды? (**Молла Осмоналы, 1986: 159**).

Мындан улам, Осмонаалы Сыдык уулунун китеп чыгарып, жумурай журтка аты чыгып тааныла изденүүсү адегенде, анын жеке турмуштук трагедиясына байланыштуу болсо керек деп ойлойсуң. «Өмүр баянда» айтылгандай, ал эресеге жете элегинде жетим калып, анын айынан аталаш тууганы Канат ажынын жигити болуп, камчысын чапкан. Кыязы, токолдун тукумунан тараган деген социалдык басмырлоо, Осмоналынын балалык чагындагы жанашкан ылакап ысымдай ээрчип, анын эс тартып жетилүүсүнө жана кези келгенде бай жашайм деп көгөрө изденүүсүнө шыкак берип такшалткандай. Санжырачынын өмүр баянында, Осмонаалы Канат ажынын жоголгон кушун кайтаргандыгы жана андан башка бир топ опурталдуу сыноолорду башынанан кечиргендиги айтылат. Кыязы, ошол убакта эле анын жан дүйнөсүндө ким болуш керек деген көйгөй күчөп, ал үчүн жигитчилик менен молдолукту тандап маселеси жаралбай койгон эмес. Өз убагында Осмонаалынын кызы Шарифа эже биз менен сыр бөлүшүп, «атам олбурлуу, бир—эки адамга моюн бербей тургандай карылуу киши эле»,—деп айтканы бар.

Демек, Осмонаалы Сыдык уулунун балтыр эти толо элек кезинде «Канаттын кушун кайтаргыдай» амалы да, кийин «эл душманы аталып» ак жерден торго чалынганда кызыл аскерлерге кол салып кутула турган кайраты да болгон. Бирок ал Жаркымбай жана Сабит молдолордой акыл менен атак—даңкка жетишке көзү жетип, кийин болсо китеп чыгарып атын тарыхта калтырса боло тургандыгын туюп, келечек багытын билим кызматына арнаган.

Ошентип, Осмонаалы Сыдык уулунун «Шадманияны» жазышына эки нерсе түрткү берген деп айтсак болот. Биринчиси, Осмонаалынын Шабданга карата көрсөткөн сый урмат мамилеси; экинчиси, баатырдын балдарынын атасына арнап китеп жазып берүү өтүнүчү менен санжырачыга кайрылуусу. Анын натыйжасы эки тараптын ыклас каалоолорун бириктирип, «Тарых кыргыз Шадманиянын» жарык көрүшүнө өбөлгө болгон окшобойбу. Мындай бүтүм жасоого, санжырачынын биринчи китеби менен экинчи чыгармасынын ортолорун бөлгөн кыска аралык жана «Шадманиянын» басылышы тууралы такыр маалыматтын жоктугу жол берет.

Жогоруда айтылгандай, Осмонаалы «Муктасарды» «итке минип калгыдай» абалга чейин жетип китеп кылып чыгарган. Ал эми «Шадманияны» болсо кантип бастырып, кандайча мекенине алып келгендиги туурасында такыр маалымат жок. Балким, анын себеби биринчи китептин «сатыгынан түшкөн каражат(?)» менен түшүндүрүлүшү мүмкүн. Бирок Осмонаалы Сыдык уулунун китебинде:

Осмон Алы мен өзүм,
Дагы калды көп сөзүм,
Йатып шаар Уфада,

Мусапырлык бу кезим! (**Молла Осмоналы, 1986: 193−194**),—деп кыйыр түрдө болсо да Шабданга арналган эмгектин айрым жерлери Уфа шаарында жазылгандыгын кабарлайт. Бу ыр саптарынан жана «Шадманиянын» мазмунунан биз, Осмонаалы Сыдык уулу ал китепти жазууну, тагыраагы, «Муктасардын» айрым жерлерин кыскартып, ага Шабдан туурасындагы казалды кошуп жазууну 1913—ж. соңунда барып, Шабдан баатырдын балдарынан сунуш түшкөндөн кийин баштагандыгын туя алабыз. Ал эми «Шадманиянын» эски жана жаңы материалдар менен толук कураштырылып жыйынтыкталышы, Уфадагы «Бир тууган Каримовдордун» басмаканасы менен сүйлөшүүдөн соң бүткөрүлгөн, деген бүтүм чыгарууга толук негиз бар.

## АДАБИЯТТАР


Молла Осмоналы СЫДЫК. **Муктасар тарыхи Кыргызийа**.—Шинжаң жаштар басмасы, 1986.

Молла Осмоналы СЫДЫК. **Шадманийа**.—Шинжаң жаштар басмасы, 1986.

Осмонаалы СЫДЫКОВ. **Тарых кыргыз Шадмания: Кыргыз санжырасы**. (Которгон: Х. Карасаев) —Ф., 1990.

Осмонаалы СЫДЫК уулу. **Муктасар тарых Кыргызия** (Которгон: Х. Карасаев) //Кыргыздар: Санжыра. Тарых. Мурас. Салт.—Б., 1991.

**Осмонаалы Сыдыковдун өмүр баяны**//УИА кол жазмалар бөлүмү. Инв. № 355( 816).

БАЙТУР А. **«Кыргызийа» жана «Шадманийа» жөнүндө (Бет ачар ордуна)**// Молла Осмоналы Сыдык. Муктасар тарыхи Кыргызийа.—Шинжаң жаштар басмасы, 1986.

Бүбүш ОСМОНААЛЫ кызы. **Атамдын өмүр баяны**//Ала Тоо, 1991.

ВАЛИХАНОВ Ч. Ч. **Избранные произведения**.—Алма—Ата, 1952.

ЖАНУЗАКОВ К. Д., ОМУРАЛИЕВ М. **Сильные землетрясения Тянь—Шаня (в пределах территории Кыргызстана и приле—гающих районов стран Центральной Азии)**.—Б., 2003.

КАРАСАЕВ Х. **«Мухтасар тарых Кыргызия» жана анын түзүүчүсү** //Кыргыздар: Санжыра. Тарых. Мурас. Салт.—Б., 1991.

КОЖОБЕКОВ М. **Осмонаалы Сыдык уулу жөнүндө маалымат**//Ала Тоо, 1988.—№ 3.

КОЙЧИЕВ А. **Осмонаалы Сыдык уулу жана анын мурастары** //Мугалимдер газетасы, 1990.—16—март.

## ОСМОНААЛЫ СЫДЫК УУЛУНУН ӨМҮР БАЯНЫНА АЙРЫМ ТАКТООЛОР

МАМЫТОВ С. А. **Кыргызско–татарские литературные связи второй половине XIX–начала XX веков**. — Б., 1999.

МАМЫТОВ С. **Кыргыздардын жаркын жылдызы**//Жаштык жарчысы, 1991. — 12 — сентябрь.

СОЛТОНОЕВ Б. **Кызыл кыргыз тарыхы**. Т. 1. — Б., 1993.

ЧОРОЕВ Т. **Зарыктырган эмгек**// Кыргыздар: Санжыра. Тарых. Мурас. Салт. — Б., 1991.